КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., К. Тыныстанов көч., 257
Тел.: 66-24-42, факс (0312) 62-15-20

257, K. Tynystanov st., Bishkek 720040
E-mail: minedukg@gmail.com

720040, г. Бишкек, ул. К. Тыныстанова, 257
http://edu.gov.kg

**БУЙРУК** **ПРИКАЗ**

2017 жылдын «01» ноября
№ 1354/1

**2017-2018 - окуу жылында
мектеп окуучуларынын
Республикалык олимпиадасын
өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү" Мыйзамынын алкагында өзгөчө зээндүү окуучуларды аныктоо, алардын билим алуусуна, чыгармачылык жөндөмдөрүнө, долбоордук-изилдөө иштерине кызыгууларын арттыруу, Республикалык олимпиаданын жеңүүчүлөрүн даярдаган мугалимдерди аныктоо жана стимулдоо, өлкөнүн интеллектуалдык келечегин тарбиялоого көмөк көрсөтүү максатында **буйрук кылам:**

1. 2015-жылдын 12-августунда Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин № 1083/1 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.
2. Мектеп окуучуларынын Республикалык олимпиадасын өткөрүү жөнүндөгү Жобосу 1-тиркемеге жана айрым предметтерди тереңдетип окуткан мектептердин тизмеси 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Мектеп окуучуларынын Республикалык олимпиадасынын баскычтарын өткөрүүнүн төмөндөгүдөй мөөнөттөрү жана предметтик тизмелери бекитилсин:
   - 3.1. Олимпиаданын I, II, III жана IV баскычтары: кыргыз тили жана адабият (кыргыз тилдүү мектептер үчүн), кыргыз тили жана адабият (орус тилдүү мектептер үчүн), орус тили жана адабият (кыргыз тилдүү мектептер үчүн), орус тили жана адабият (орус тилдүү мектептер үчүн), математика, англис тили, информатика, физика, химия, биология, география, тарых предметтери боюнча өткөрүлсүн;
   - 3.2. Олимпиаданы өткөрүү мөөнөттөрү:
     - I баскыч (мектептик) - 2017-жылдын ноябрь айы;
     - II баскыч (райондук/шаардык) - 2017-жылдын декабрь айы;
     - III баскыч (облустук, Бишкек жана Ош шаардык) - 2017-жылдын февраль айы;
     - IV баскыч (республикалык) - 2017-жылдын март айы болуп аныкталсын.

0032558